# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАҢЫ БАНКНОТТОРУ

# 2010

## КОРГОО БЕЛГИЛЕРИ

## 200, 500, 1000 сом










### ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ ТЕКШЕРИП КӨРҮҮ ЗАРЫЛ

1. Банкноттордо түшүрүлгөн айлананын ичиндеги сүрөттөлүштөрдү кол менен сыдырып көрүүдө шуудурап, **одуракай** болуп сезилип турат.

2. Банкнотко элеси түшүрүлгөн инсандын аты-жөнү жана "КЫРГЫЗ БАНКЫ" деген сөздөрдүн кайталанышынан турган, үзгүлтүксүз берилген **микрошрифт.**

1 

2 

### ЖАНТАЙЫҢКЫ АЛЫП КАРООДО

3. **Голографиялык тилке:**
200 сомдо – номиналдын саны, «КЫРГЫЗ БАНКЫ» деген жазуу жана куш канатынын бир талынын чагылдырылышы. Банкнотту жантайыңкы алып кароодо ал оңдон солго карай багытын өзгөртөт;

   500 сомдо – улуу инсан С. Каралаевдин элеси жана шумкардын сүрөттөлүшү түшүрүлгөн, банкнотту кыймылдатып көрүүдө шумкар оңдон солго көздөй багытын өзгөртөт;

   1 000 сомдо – улуу инсан Ж. Баласагындын түспөлдүк элеси жана номиналдын саны берилген. Банкнотту жантайтып көрүүдө Баласагындын элеси анын «Кут алчу билим» чыгармасынын аталышына өзгөрөт.

3 


4. **Көмүскө сүрөттөлүш**. Банкнотту жантайыңкы алып көрүүдө оюу-чийим алдында номиналдык сан көрүнөт.


4 


### ЖАРЫККА САЛЫП КАРООДО


5. **Суу белги**. Банкноттогу элеске жана номиналдын электротибине төп келген, көп тоналдуу атайы **суу белгиси.**

6. Номиналдын санын камтыган көзөнөкчө түрүндөгү **коргоо тилкеси**.

7. **Өтмө регистр** – банкноттун алдыңкы жана арткы бетиндеги сүрөттөлүштөрдүн элементтери бири-бирине дал келип, жарыкка салып кароодо «сом» деген сөздү түзөт.

5 


6 


7 


Колуңуздагы банкноттун аныктыгына шектенген болсоңуз, аны Мамлекеттик Финансы полициясы кызматынын жакын жайгашкан бөлүмүнө же Улуттук банкка тапшырууңуз зарыл.

Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын шектенүүнү жараткан банкнотторун экспертизага кабыл алуу Улуттук банк тарабынан күн сайын саат 9.00дөн 12.00гө чейин жүргүзүлөт. Экспертиза акысыз ишке ашырылат жана 5 жумуш күнүнөн ашпаган мөөнөт ичинде бүткөрүлүүгө тийиш.

Маалымат алуу үчүн төмөнкү телефондорго кайрылуу зарыл: 66-91-41; 66-91-48.


www.nbkr.kg

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

акысыз таркатуу үчүн